## ПОЛИТОЛОГИЯ

*УДК: 328.02 (575.2) (043.3)*

*DOI: 10.35254/bhu/16948386_2021_56_57_67*

***Арзыматова А. Ж.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАЛАР

***Кыскача мазмуну***

*Бул макалада эгемендүү Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн Конституциялык реформалар каралган. Эгемендүү Кыргыз Республикасында Конституцияны өзгөртүүлөр референдум жолу менен бат - баттан болуп турган. Конституция менен бирдикте Кыргыз Республикасынын башкаруу формасы жана ар түрдүү бийлик бутактары-*

*нын ыйгарым укуктары өзгөртүлгөн. Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн Конституциялык реформалар, коомдун туруктуу жана натыйжалуу өнүгүүсүнө көрүнүктүү жетишкендиктерди алып келген жок. Конституциялык реформаларды жүргүзүү менен жогорку мамлекеттик бийлик ортосунда тең салмактуулук бузулган. Конституция мамлекттин баш мыйзамы болгондуктан коомдун өнүгүшүнө дал келиш керек. Баш мыйзамды бат – бат озгөртүү киргизүү практикасынан баш тартуу зарыл. Демократиялык өлкөлөрдө мамлекеттик бийлик үч бутакка бөлүнөт: мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, соттук. Баш мыйзам бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулуктулуктун сакталышына гарант болуп бериши керек.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргызстан, Кыргыз Республикасы, президент, референдум, Конституция, мыйзам, бийлик, ыйгарым укук, реформа, башкаруу формасы*

## КОНСТИТУЦИОННЫЕ РЕФОРМЫ, ПРОВЕДЕННЫЕ В СУВЕРЕННОЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***Аннотация***

*В этой статье рассматриваются конституционные реформы, проведенные в суверенной Кыргызской Республике. Происходят частые конституционные изменения в Кыргызской Республике через референдум. В Кыргызской Республике форма правления и полномочия различных ветвей власти трансформировались вместе с Конституцией страны. Проведенные Конституционные реформы в Кыргызской Республике, не принесли заметного успеха в обеспечении эффективности, стабилизации и развитии общества. Путём проведения конституционных реформ между высшей государственной властью был нарушен баланс. Конституция - основной закон государства и должна соответствовать развитию общества. Мы должны отказаться от практики быстрого изменения конституции. В демократических странах государственная власть делится на три ветви: законодательная власть, исполнительная власть, судебная власть. Конституция должна оставаться гарантом баланса между ветвями власти.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, Кыргызская Республика, президент, референдум, Конституция, закон, власть, полномочия, реформа, форма правления.*

## CONSTITUTIONAL REFORMS CARRIED OUT BY THE SOVEREIGN KYRGYZ REPUBLIC

***Abstract***

*This article discusses constitutional reform carried out in the sovereign Kyrgyz Republic. Frequent constitutional changes are taking place in the through a referendum. In the Kyrgyz Republic, the power of various branches of government transformed were along with the constitutional. Constitutional reforms have not brought significant success in ensuring the effectiveness, stabilization and development of society. By carrying out constitutional reforms between the highest power state the balance was upset. Constitution is the fundamental law of the state and must be consistent with the development of society. We must abandon the practice of rapid treason. In democratic countries, state power is divided into three branches: legislative power, executive power and the judiciary. The constitution should be the guarantor of balance between the branches of government.*

***Key word:*** *Constitution, Kyrgyz Republic, Kyrgyzstan, President, referendum, reform, law, power, authority, form of government.*

Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ, кабыл алуунун жана өзгөртүү киргизүүнүн өзгөчө тартиби менен мүнөздөлөт. Конституция адатта атайы түзүлгөн Конституциялык уюмдаштыруу жыйыны тарабынан же түздөн-түз элдик добуш берүү менен кабыл алынат. Бизге белгилүү болгондой, Конституция (латынча constitutio — түзүлүш), баш мыйзам — өлкөнүн негизги мыйзамы, мамлекеттин өзгөчө укуктук документи. Конституция мамлекеттин жана коомдун түзүлүшүнүн негиздерин, адамдын жана жарандын укуктук абалынын негиздерин жөнгө салат.

Макаланын максаты эгемендүү Кыргыз Республикасында референдум аркылуу Конституциялык реформалардын жүргүзүлүшү жана ал реформалардын тийгизген таасирлерин ачып берүү. Эгемендүүлүктү алган мезгилден тартып, Кыргыз Республикасында Конституциялык өзгөртүүлөр тез болуп турган. Кыргыз Республикасында башкаруу формасы жана ар түрдүү бийлик бутактарынын ыйгарым укуктары өлкөнүн Конституциясы менен бирге өзгөртүлгөн. Башталышында Кыргыз ССРинин 1978-жылкы Конституциясына 1990–1991-жылдары киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен колдонулган. Суверендуу Кыргызстандын биринчи Конституциясы 1993-жылы 5-майда Жогорку Совет (азыр Жогорку Кенеш) тарабынан кабыл алынган [1,1-б.]. Конституциянын долбоору 1991-жылы түзүлгөн. Баш мыйзам 9 бөлүм, 98 беренеден туруп, президенттик-парламенттик башкаруудагы өлкө деп аталган. 1993-жылы кабыл алынган Конституция көптөгөн өзгөртүүлөргө, толуктоолорго дуушар болгон.

Кыргыз Республикасынын тунгуч президенти А. Акаевдин башкаруу жылдарында (1990–2005 жж.), төрт жолу 1993-жылкы Конституцияга өзгөртүү, толуктоо киргизүү боюнча (1994, 1996, 1998 жана 2003 жылдары) референдум өткөрүлгөн. Референдумдар өлкөнүн президентинин демилгеси менен өткөрүлгөн.

1994-жылдын 22-октябрында Кыргыз Республикасында өткөн референдумда [2, 1-б.] Конституцияга төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

— Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик масштабдагы суроо, маселелерди референдум аркылуу кабыл алуу жөнүндө.

— Мыйзам чыгаруу бийлиги болгон Жогорку Кенешти эки палатага бөлүп түзүү жөнүндө.

Жогорку Кенеш туруктуу иштөөчү 35 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жыйынынан жана сессиялык жол менен иштөөчү 70 депутаттан турган Эл өкүлдөр жыйынынан түзүлгөн.

1996-жылы 10-февралда өткөн референдумдун жыйынтыгы менен баш мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген. Президент, Парламент жана Өкмөттүн ортосудагы мамилелерди тактоочу мыйзамдар кабыл алынган. Бул референдум республиканын Президентинин статусун түп-тамырынан бери өзгөрткөн. Кыргыз Республикасынын Президентинин жаны укуктук статусунда баарыдан мурда ал мамлекет башчысы, Кыргыз Республикасынын эн жогорку кызмат адамы саналгандыгы (42-берене, 1-б.), мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктап, мамлекеттик органдардын макулдашып иштешин жана биргелешип аракетенишин, эл алдындагы жоопкерчилигин аныктай тургандыгы көрсөтүлгөн. 1996-жылдагы Конституциянын 46-беренесине ылайык, президент Жогорку Кенештин макулдугу жок эле өкмөттүн түзүмүн аныктаган, өкмөт мүчөлөрүн жана административдик ведомстволордун жетекчилерин кызматка дайындаган, премьер-министрди жана өкмөт мүчөсүн кызматтан бошоткон, Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги жана эл аралык уюмдардагы дипломатиялык өкүлдөрүн дайындаган. Мамлекеттин башчысы катары Коопсуздук кенешин түзүп жана аны жетектеген, шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын төрагасын жана мүчөлүрүн үчтөн бирин дайындаган, Эсептөө палатасынын төрагасын жана анын аудиторлорунун үчтөн бирин дайындаган, облустардын, райондордун, шаарлардын мамлекеттик администрацияларынын башчыларын кызматка дайындаган, облустардын, Бишкек шаарынын, райондордун, шаарлардын сотторун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аскер сотторунун төрагаларын, алардын орун басарларын жана судьяларын кызматка дайындаган жана кызматтан бошоткон. Ошондой эле 1996-жылкы Конституция боюнча президентке Жогорку Кенешти таркатуу боюнча кенири ыйгарым укуктар берилген. [3, 1-б.] 1996-жылкы Конституция боюнча президенттин ыйгарым укуктары күчөтүлгөн. Президенттин күчөтүлгөн ыйгарым укуктары 1998-жылкы жана 2003-жылкы Конституцияда сакталып калган.

1998-жылдын 17-октябрында «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» [5, 1-б.] мыйзамын кабыл алуу боюнча жүргүзүлгөн референдумдун негизинде Жогорку Кенештин мыйзам чыгаруу жыйыны туруктуу иштөөчү жана республиканын калкынын таламдарын билдирүүнүн негизинде шайланган 60 депутаттан турган. Эл өкүлдөр жыйыны сесиялык жол менен иштөөчү жана аймактык таламдарды билдирүүнүн негизинде шайланган 45 депутаттан турган. Бул референдумда депутаттык кол тийгис иммунитети алынып салынган, жерге жеке менчик киргизүү, дагы бир өзгөртүү парламент менен өкмөттүн мамлекеттик бюджет боюнча ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү болгон.

2003-жылдын 2-февралында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаны редакциясын кабыл алуу жана президентке ишеним көрсөтүү маселеси боюнча бүткүл элдик референдум өткөрүлгөн [6, 1-б.]. Аскар Акаевге 4-жолу президенттике ат салышууга жол ачылган. Кийинки чакырылыштагы парламент бир палатадан, 75 депутаттан тураары жөнүндө мыйзам кабыл алынган. Референдумда кабыл алынган Конституциянын жаны редакциясында төмөнкүдөй өзгөртүүлөр болгон адам укуктары бекемделген, премьер-министрдин абалы аз болсо да бекемделген (өкмөт мүчөсүнө талапкерди сунуштоо укугу; административдик ведомстволордун жетекчилерин дайындоо жана аларды кызматтан бошотууну сунуштоо), парламент өкмөттүн калыптанышына катышуу укугун алган, өкмөт мүчөсүнө талапкерге макулдук берген. Президент тарабынан берилген ыйгарым укуктарга карабастан, 2003-жылкы Конституцияда мамлекет башчысынын күчөтүлгөн бийлиги сакталып калган. Президенттин каршы пикирин (ветосун) женүү азайган, 1996-жылдан тартып мыйзамдык күчкө ээ болгон жарлык чыгаруу жобосуна аз гана өзгөртүү киргизилген; өз демилгеси менен референдум жана парламентти таркатуу боюнча кенири ыйгарым укуктары президентте сакталып калган; өкмөттү кызматтан бошотуу маселеси президенттин карамагында калган.

Кыргыз Республикасындагы референдумдардын таасирин карасак, алар көп ызы-чууну түзүшкөн, толкундуу ишмердүүлүк сезилген, бирок мамлекеттик механизимге натыйжалуулукту кошкон эмес. Кыргызстандагы референдум президент менен парламенттик оппозициянын күрөшүнүн инструменти катары колдонулган. Президент А. Акаев өзүнүн китебинде моюнга алган «Памятное десятилетие»: «Парламенттин жана президенттин карама-каршылыкта болгону, эки тараптын тен кызыкчылыгына чон зыян келтирген, ошондой эле бүтүндөй мамлекетке. Мен президент катары конструктивдүү өз ара мамилелер тараптамын. Бизде бир мамлекет жана биз бир элге кызмат кылабыз» [7, 477-б.].

Кыргыз Республикасында (1994, 1996, 1998, 2003 жж.) жүргүзүлгөн Конституциялык реформалар мамлекеттин, коомдун туруктуу жана натыйжалуу өнүгүшүнө алып келген жок. Конституцияга бир канча жолу референдум аркылуу өзгөртүүлөрдү киргизүү менен жогорку мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарынын «тен салмактуулугу» бузулган, бул президенттик-парламенттик система үчүн коркунучтуу болгон. Ошондуктан, 2005-жылдагы парламенттик шайлоодогу чыналуудан кийин, жарым президенттик бийлик төнкөрүш жолу менен кулатылган. Кыргыз Республикасынын экинчи Президенти К. Бакиев 2003-жылкы Конституция боюнча бийлигин жүргүзө баштаган. 2003-жылкы Конституцияда президенттин ыйгарым укуктар күчөтүлгөн, мындай абал Жогорку Кенештин оппозициялык депутаттарын канаттандырган эмес. Алар «Реформа үчүн кыймыл» түзүшүп, 2006-жылдын 2–9-ноябрында элди митингке алып чыгышкан. «Кыймылдын» басымы астында 9-ноябрда шашылыш түрдө Конституциянын жаңы редакциясы кабыл алынган. 2006-жылдын 30-декабрында Жогорку Кенештин депутаттарынын тобунун талабы менен Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилген [4, 108-б.].

Бирок бир жылга жетпей, Конституцияга киргизилген өзгөртүүлөрдү 2007-жылдын 14-сентябрында Конституциялык сот жокко чыгарып, ошол эле жылдын 21-октябрында бүткүл элдик референдум жолу менен Конституциянын жаңы редакциясы кабыл алынган. Анын негизинде парламент таратылып, партиялык тизме менен жаңы парламент шайланган. Депутаттардын саны 90го жетип, өлкө президенттик республика деп аталган [9, 12-б.].

2010-жылы экинчи президент бийликтен кулатылгандан кийин, шашылыш түрдө жаңы Конституция кабыл алынган. Өткөөл мезгилде Кыргыз Республикасын Роза Отунбаева башкарып, Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү, эксперттер, саясатчылар жана жарандык коомдун катышуусу менен Конституция талкууга алынган. Анда жалпысынан 9 бөлүм, 114 беренеден туруп, өлкө парламенттик башкарууга өткөн. Жогорку Кеңешке 120 депутат партиялык тизме менен шайланып келген. Конституция 2010-жылдын 27-июнунда жал-

пы элдик референдум аркылуу кабыл алынып, 2020-жылга чейин Конституцияны өзгөртпөө үчүн мораторий киргизилген. Бирок, Конституцияны өзгөртпөөгө киргизилген мораторийге карабастан, 2016-жылдын 11-декабрында жалпы элдик референдум өтүп, анда добуш бергендердин 79,6% Конституцияга толуктоо жана өзгөртүү киргизүүгө добуш беришкен. Муну менен Алмазбек Атамбаев тарыхта Конституцияны өзгөртпөгөн президент катары кала алган жок.

2020-жылдын 4-октябрында Кыргызстанда Жогорку Кенешке шайлоо болуп өткөн. Шайлоонун жыйынтыгына нааразы болгон оппозициядагы партиялар митинге чыгышат. Өлкөдөгү саясий, экономикалык кризис Президент С. Жээнбековдун отставкасына алып келди.

Кыргыз Республикасынын 30-жылдык көз карандысыздык убагында өлкөдө бийликтин үч революциялык жол менен (2005, 2010, 2020-жылдары) алмашуусу болуп өттү.

2021-жылдын 10-январында Кыргыз Республикасынын Президентин кезексиз шайлоо менен бирге Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын тандоо боюнча референдуму болуп өттү. БШКнын маалыматы боюнча референдумда добуш бергендердин 80,7% президенттик башкаруу формасын колдогон. Илимпоздордон жана укуктук жааматтан, жарандык сектордун өкүлдөрүнөн, бийликтин жана элдин өкүлдөрүнөн турган конституциялык кенешме, дээрлик 3 ай жаны Конституциянын долбоорун талкуулашып, бул жаны Конституциянын долбоорун пар-ламенттин колуна өткөрүп беришти. Жогорку Кенештин депутаттары Кыргызстанда жаны Конституцияны кабыл алуу боюнча жалпы элдик референдумду 2021-жыл-дын 11-апрелинде өткөрүүнү кабыл алышты [8, 8-б.]. Конституция мамлекеттин баш мыйзамы болгодуктан коомдун өнүгүүшүнө ылайык келиш керек. Коомдо өз-гөрүү болмоюнча өнүгүү болбойт, бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Конституция саясаттагы, экономикадагы, социалдык чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечүү менен мамлекеттин ичинде жашаган ар бир атуулдун укугун коргой ала турган баш мыйзам болуш керек [10, 26-б.]. Мындан ары референдум институтун пайдаланып, Конституцияга тез-тез өзгөртүүлөрдү киргизүү практикасынан баш тартуу зарыл. Конституцияны өзгөртүү эрежелери өтө катуу болуш керек.

### ***Адабияттар***


1. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи сессиясында кабыл алынган.— Бишкек, 1993.— 5-май.— 2- б.*
2. *1994-жылдын 21-сентябрындагы УП № 245 «Кыргыз Республикасынын Конституциясына түзөтүүлөрдү киргизүү тууралуу референдум (жалпы элдик добуш берүү) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы // Слово Кыргызстана.— 1994.— 23-сентябрь.— 3-б.*
3. *1996-жылдын 16-февралындагы № 1. «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы // Свободные горы.— 1996.— 17-февраль.— 4-б.*
4. *Чотонов У. Кыргызстан по пути суверенитета (Историко-политический анализ) / У. Чотонов.— 2007.— 108 с.*
5. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын редакциясы.— 1998.— № 134.— 21-б.*
6. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын редакциясы // Эркин-Тоо.— 2003.— № 40.— 10-б.*
7. *Акаев А. А. Памятное десятилетие / А. А. Акаев.— Учкун, 2001.— 478 с.*
8. *Маалымат бюллетени. Тарыхый чечим жаны Конституцияны кабыл алуу жөнүндө референдум.— Бишкек.— 2021.— 8-б.*
9. *Галиева З. Политическая трансформация суверенного Кыргызстана: динамика и особенности / З. Галиева.— 2007.— 123 с.*
10. *Саралаев У. К. Межгосударственные отношения и политический диалог / У. К. Саралаев // Вестник Бишкекского гуманитарного университета им. К. Карасаева.— 2005. № 1.— с. 26–30.*